КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МАГИСТРАТУРА БӨЛҮМҮ

МАГИСТЕРДИК ДИССЕРТАЦИЯНЫ ЖАЗУУ БОЮНЧА ЖОБО

Ош-2021

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

А. Ж. Мырсабеков атындагы
ОШ МАМЛЕКЕТТИК
ПЕДАГОГИКАЛЫК
УНИВЕРСИТЕТИНИН
ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

УЧЕНЫЙ СОВЕТ ОШСКОГО
ГОСУДАРСТВЕННОГО
ПЕДАГОГИЧЕСКОГО
УНИВЕРСИТЕТА
им. А. Ж. Мырсабекова

73, N.Isanov str. 714003, Osh
Fax:+ 996 (3222) 4-35-67
e-mail: ogpi.osh@mail.ru

Чыг/Исх. № 01-16/017
" 3 " 02 2025-ж.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин
Окумуштуулар кенешинин 2021-жылдын 3-майындагы
№ 5 протоколунан
Көчүрмө

4. Ар түрдүү маселелер

4.2. УГУЛДУ:

Магистердик диссертацияны жазуу боюнча жобону бекитүү жөнүндө

4.2. ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:

Магистердик диссертацияны жазуу боюнча жобо бекитилсин.

КӨЧҮРМӨ АНЫК

Катчы: **ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

Магистердик иш боюнча Жобо бардык окутуу программалары боюнча магистрдик диссертацияларга коюлган жалпы талаптарды, алардын түзүлүшүн жана коргоону уюштуруу, каттоо эрежелерин камтыйт.

Магистердик диссертациянын жобосу магистранттарга, илимий изилдөөчүлөргө, магистранттардын илимий жетекчилерине, программа жетекчилерине арналат.

Магистердик диссертация жөнүндө жобону

Түзүүчүлөр:

1. т.и.к., доцент Сагынбай к.Н.
2. х.и.к., доцент Бабеков А.У.

Рецензенттер:

1. п.и.д., профессор Зулуев Б.Б.
2. г.и.д., профессор Топчубаев А.Б.

Ош мамлекеттик педагогикалык университети. Көлөмү 31 беттен турат.

Ош шаары, 2022-ж.

МАЗМУНУ

1. Максаты жана аткаруунун жолдору_____4

2. Жалпы жоболор_____4

3. Магистрдик диссертацияга коюлуучу негизги талаптар_____6

3.1.Магистрдик диссертациянын темалары_____7

3.2. Магистрдик диссертациянын мазмунуна коюлган талаптар_____8

3.3. Көлөмүнө коюлган талаптар_____9

3.4. Түзүлүшүнө коюлган талаптар_____9

3.5. Тариздөөгө коюлган талаптар_____11

3.6. Иллюстрациялар (тексттин мазмунун түшүндүрүүгө тартылган сүрөт мисалдар)_____12

3.7. Таблицалар_____12

3.8. Пайдаланылган булактарга шилтеме берүү_____13

3.9. Тиркемелер_____13

4. Диссертациялык ишти аткарууну уюштуруу этаптары_____14

5. МАКта диссертацияны коргоонун тартиби_____14

6. Коргоонун процедуралары_____17

7. Магистрдик диссертациянын жобосуна өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби_____ 20

8. Тиркемелер_____21-31

1. МАКСАТЫ ЖАНА АТКАРУУНУН ЖОЛДОРУ

1.1. Магистрдик диссертацияны аткаруунун максаты:

- магистратуранын тиешелүү программасынын бүтүрүүчүсүнүн жалпы билим берүү жана кесиптик даярдоо көлөмүн;

- тандап алган багыт боюнча илимий адабият булактарын топтоо, үйрөнүү жана жалпылоо жөндөмдүлүгүн;

- өз алдынча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, илимий долбоорлор менен иш алып баруу, жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн;

- иш жүзүндө алынган илимий маалыматтарды системалаштырууга жана жыйынтыктоого, тыянактарды жасай билүүгө жөндөмдүлүгүн;

- изилдөө натыйжалары боюнча өз алдынча тыянактарды жасоо менен практикалык сунуштарды ырастай билүү жөндөмдүлүгүн көрсөтүүгө багытталган.

1.2. Бул жобо Мамлекеттик стандарттын негизинде бардык магистрлерди даярдоо программалары боюнча магистрдик диссертациялардын структуралары, жазуу эрежелери жана коргоону уюштуруунун жалпы талаптарын тастыктайт. Жобо ОшМПУнун магистранттарына, магистранттардын илимий жетекчилерине, кафедра башчыларына арналган.

1.3. Бул жободогу талаптардын аткарылышына, ишке ашырууга магистратура бөлүмү, магистрдик программалардын жетекчилери, магистрдик диссертациялардын илимий жетекчилери, бүтүрүүчү кафедра башчылары жана магистратура бөлүмү жооптуу.

2. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

Магистратуранын аяктоочу этабы болуп магистранттардын адистештирилген предметтери боюнча мамлекеттик сынак түрүндө жыйынтыктоочу аттестациясы жана квалификациялык иш – магистрдик диссертацияны коргоо эсептелет.

2.1. Магистрдик диссертация - магистранттардын бүтүрүүчү квалификациялык иш болуп эсептелип, илимий жетекчинин көзөмөлү астында жүргүзүлгөн өз алдынча илимий изденүүлөрүнүн отчету.

2.2. Магистрдик дисссертация автордун теориялык билимдерин, практикалык көндүмдөрүн колдонуу менен өз алдынча жүргүзүлгөн жана жеке салымын күбөлөндүргөн илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, алынган илимий натыйжалар, илимий жоболор түрүндө ачык комиссиянын алдында коргоого алып чыгуучу квалификациялык иш.

2.3. Илимий жетекчиликке – жогорку квалификациялуу адистердин ичинен окумуштуулук даражасы бар илимдин доктору же кандидаты дайындалат.

Даярдалып жаткан диссертациялардын сапатын жогорулатуу жана магистранттар менен иш алып баруу талабын жогорулатуу максатында ар бир илимий жетекчи бир эле учурда: илимдин доктору, профессор 5 магистрантка чейин, илимдин кандидаты, доцент 4тен ашпаган магистранттын диссертациясына илимий жетекчи боло алат.

2.5. Магистрдик диссертациянын илимий жетекчиси:

- ар жылы окуу жылынын башталышында магистранттарга сунушталуучу магистрдик диссертациялардын темаларын, актуалдуулугун, иштин максатын, милдеттерин аныктап, изилденүүчү объектилерин тактап, пайдалануучу методдорун көрсөтүп, кыскача план-проспектиси менен бүтүрүүчү кафедрага тапшырат (№1 тиркеме);
- магистранттарга тема тандоого көмөктөшөт;
- бир тема тандалгандан кийин, ар бир магистрантка илимий изилдөө иштерине жетекчи дайындалат жана зарыл болсо консультанты кошо бекитилет.
- магистрдик диссертацияларды аткаруу үчүн тапшырмаларды түзөт (календардык (иш) план, жеке тапшырмалар);
- магистрантка тандаган темасы боюнча магистрдик диссертацияны аткаруу үчүн түзүлгөн иш план боюнча изилдөө жүргүзүүгө календардык графикти иштеп чыгууга көмөктөшөт, бекитет жана аткарылышын көзөмөлдөйт;
- магистрантка темасы боюнча керектүү негизги адабияттарды, колдонмо жана архивдик материалдарды, ж.б. булактарды сунуштайт;
- магистрдик диссертациянын аткарылышын, магистранттын календардык

графикти сактоосун көзөмөлдөп, текшерип туруу үчүн консультациялардын жадыбалын белгилейт;

- магистранттын илим изилдөө иштерин, диссертациясынын бөлүмдөрүн, жалпы көлөмүн аныктайт, ошондой эле жазылышын, талапка жараша жасалгаланышын көзөмөлдөйт;

- магистранттын диссертациясын коргоо үчүн презентация жасоого керектүү материалдарын талдашат, баяндамасын даярдоого көмөктөшөт;

- МАКта магистранттын диссертациясына жазуу жүзүндө пикир берет;

2.6. Бүтүрүчү кафедра магистранттардын жана илимий жетекчисинин магистрдик диссертациянын аткарылышы тууралуу маалыматтарын, илимий иштеринин жыйынтыгы боюнча даярдалган баяндамаларынын тезистерин, макалаларын чыгаруу үчүн отчеттук маалыматтарын мезгил-мезгили менен күн тартибинде карап, талкуулап турат.

2.7. Магистрдик диссертацияны аткарууга карата тапшырмада (1-тиркеме): иштин темасы, диссертация боюнча негизги аткарылуучу иштердин мазмуну, аткаруунун календарлык планы. Диссертацияны аткаруу үчүн берилген тапшырма илимий жетекчиси жана магистранттын колдору коюлуп бекитилет. Магистрдик диссертациянын мазмунуна киргизилүүчү негизги бөлүмдөрдүн тизмеси илимий жетекчи тарабынан аныкталат.

3. МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯГА КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

Магистранттардын кесиптик даярдоо боюнча коюлган КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин стандартындагы талаптарын эске алуу менен төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт:

- илимий мезгилдүү басылмаларды анализдеп, илимий адабияттарды карап чыгуу менен актуалдуулугунун негиздемесин, изилдөө темасын аныктоо, изилдөө объектисин жана предметин тактоону, изилдөө максаттарын, милдеттерин жана, анын ичинде колдонууга сунушталуучу илимий ыкмаларды аныктоо;

- илимий-технологиялык жана теориялык, колдонмо же илимий-методикалык маанiси бар жаңы натыйжаларды камтыган теориялык жана практикалык бөлүктөрү, анын ичинде;

- терең тандаган бүтүмдөрү;

- Практикалык маанiси боюнча тыянактар, колдонууга сунуштар;

- Оригиналдуулугу (65%дан кем эмес).

3.1. МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯЛАРДЫН ТЕМАЛАРЫ

3.1.1. Магистрдик диссертациянын темасын тандоодо төмөнкү принциптерге таянуу зарыл: теманын актуалдуулугуна, илимдин жана технологиянын заманбап өнүгүшүнө дал келүүсүнө жана учурдагы көйгөйлөрдү чечүүгө багытталышына;

- Магистратурадагы окуу процессинде жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөргө жана каралган долбоорлук иштерге негизделиши керек;

- тандалган теманын тарыхый булактарда (акыркы 5-10 жылдарга басым жасоо зарыл) чагылдырылуусу боюнча канчалык даражада изилденип, такталып жатканын эске алуу;

- диссертация менен иштөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүктөрү;

- изилденип жаткан темадан алынган натыйжалардын айыл-чарба, саламаттыкты сактоо, билим берүү ж.б. тиешелүү жергиликтүү тармактардын кызыкчылыктарын эске алуу.

3.1.2. Ар жылы магистранттарга тандоого берилүүчү магистрдик диссертациялардын темалары тиешелүү Программанын жетекчилеринин катышуусунда сунушталган темалардын актуалдуулугуна, практикалык маанисине, изилдөөнүн зарылдыгына карап, кафедрада каралып, факультеттин Окумуштуулар Кеңешинде талкууланып, ОшМПУнун Окумуштуулар Кеңешинде бекитилет.

3.1.3. Магистрдик диссертациянын темасынын актуалдуулугун, изилдөөнүн максатын, милдеттерин анализдеп, магистрант теманы өзү сунуштоо укугун алат.

3.1.4. Магистрдик диссертациянын темасы жана илимий жетекчиси бүтүрүүчү кафедранын башчысынын сунушу жана магистратура бөлүмүнүн башчысынын макулдугу менен Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин ректорунун буйругу менен бекитилет.

3.1.5. Өзгөчө учурларда магистрдик диссертациянын темасына өзгөртүү киргизүү мүмкүн (магистрдик диссертациянын аткарылышы окуу графигинде бекитиле электе). Бул учурда магистрант илимий жетекчисинин (диссертациянын) жана программа жетекчисинин макулдугу менен ректордун атына арыз жазат. Андан ары магистрдик диссертациянын темасынын бекитилиши 3.1.4. пунктуна дал келет.

3.2. МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯНЫН МАЗМУНУНА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР:

3.2.1. Магистрдик диссертациянын мазмуну магистранттарды кесиптик даярдоодо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын эске алуу менен төмөнкүлөрдү камтуусу керек:

- изилдөө предметин жана обьектисин негиздөө менен коюлган изилдөөнүн максаты жана милдеттери;
- изилдөө каражаттарын жана усулдарды кошуу менен каралган теориялык же эксперименталдык бөлүгү;
- изилдөө жыйынтыктары теориялык, практикалык жана жаңы илимий усулдук мааниге ээ болгон илимий жаңылыгы;
- алынган илимий натыйжаларды, жыйынтыктарды илимий конференцияларда, семинарларда баяндама жасоо, апробациялоо жана илимий макалалар (2ден кем эмес) түрүндө КР ЖАКта катталган (рецензияланган) журналдарда ж.б. жыйнактарда, (илимий басылмаларда) же илимий конференциянын жыйнактарында жарыялоо;
- алынган жыйынтыктарды талкулоо (обсуждение результатов);
- жыйынтыктоо жана сунуштоо (рекомендациялоо);
- колдонулган адабияттардын тизмеси;
- тиркемелер (зарыл болгон учурда гана).

3.2.2. Магистрдик диссертация окуу куралдык же рефераттык мүнөздө болбоосу керек.

3.2.3. Магистрдик диссертацияны мамлекеттик жана расмий тилде жазууга уруксат берилет.

3.3. КӨЛӨМҮНӨ КОЮЛГАН ТАЛАПТАР:

3.3.1. Физика-математикалык билим берүү багытында аткарылган магистрдик диссертациялардын тиркемелеринен тышкары бети 65 беттен кем эмес, ал эми гуманитардык жана табигый илимий билим берүү багыттары боюнча иштин көлөмү 75 беттен кем болбошу шарт.

3.3.2. Графикалык жана иллюстрациялык иштин көлөмү жетекчи менен макулдашылып зарылдыкка жараша тандалат.

3.4. ТҮЗҮЛҮШҮНӨ (СТРУКТУРАСЫНА) КОЮЛГАН ТАЛАПТАР:

3.4.1. Магистрдик диссертациянын материалдары төмөнкү тартипте жайгашуусу шарт:

- титулдук барак (ушул жобонун 2-3 тиркемелери);
- беттеринин номери менен мазмуну (4-тиркеме);
- шарттуу белгилердин (зарыл болгон учурда) тизмеси;
- киришүү;
- негизги бөлүк (бөлүмдөр, бөлүмчөлөр, пункттар);
- корутунду;
- колдонулган адабияттардын тизмеси (5-тиркеме);
- тиркемелер - кеңейтилген аннотация (автореферат, 6-8 бетке чейин, б.а. жарым басма табак);

3.4.2. Авторефератта диссертациянын кыскача мүнөздөмөсү, коргоого сунуштаган негизги идеялары, жыйынтыктары жазылып, жүргүзгөн изилдөөлөргө автордун кошкон салымы, жаңылыгынын даражасы, изилдөө натыйжаларынын практикалык мааниси көрсөтүлүшү керек. Магистрдик диссертациянын материалдарынын апробацияланышы, тема боюнча жарыяланган илимий иштеринин тизмеси да келтирилет.

Автореферaттагы резюме (аннотация) мамлекеттик, расмий, англис тилдеринде жазылат. Резюменин тексти кыскача түрдө изилдөө обьектисин, максатын, милдеттерин, изилдөө усулдарын жана алынган илимий жыйынтыктарды, алардын жаңылыгын жана изилдөө натыйжаларын практикада колдонууга сунуштар кыскача баяндалат. Резюменин көлөмү жарым же бир беттен ашпайт жана ал автореферaттын көлөмүнө кирбейт. Автореферат типографиялык ыкма менен басылат.

3.4.3. ТИТУЛДУК БАРАКЧА

Титулдук баракчада окуу жайдын толук аталышы, магистранттын фамилиясы, аты, атасынын аты (Ф.А.А.) диссертациянын темасы, шифри, программанын багыты, илимий жетекчисинин Ф.А.А. окумуштуулук даражасы, наамы, аткарылган жери, жылы көрсөтүлөт (№2.тиркеме).

3.4.4. Шарттуу белгилер, символдор, бөлүмдөрдөгү колдонулган жаңы белгилер, кыскартуулар өзүнчө тизме менен берилиши керек. Тизме мамыча түрүндө жайгаштырылып, мисалы, сол тарабында алфавиттик тартипте шарттуу кыскартуулар, ал эми оң тарапта - анын толук чечмелениши берилет. Эгерде атайын терминдердин кыскартуулары, шарттуу белгилер ж.б. үчтөн кем кайталанса, анда тизмеге келтирбестен эле биринчи келтирилген жеринде аларды чечмелөөнү берип койсо болот.

3.4.5. Киришүүдө теманын актуалдуулугун изилдөө обьектилерин, максаттарын, милдеттерин кыска жана так негиздеп, изилдөө усулдарын жана алынган илимий жыйынтыктарды анализдөө менен баяндалат.

3.4.6. Негизги бөлүктө магистрдик иш жетекчинин чечими менен 2 же 3 бөлүмдөн туруп, автордун кырдаалга анализи жана өз көз карашынын болушу, тиешелүү багыттын кыскача тарыхый жана акыркы 5-10 жылдагы абалынын анализи, проблемаларды чечүүнүн жолдору, изилдөөнүн методологиясы, өткөрүлгөн теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы жана андан алынган натыйжанын практикада колдонуу сунуштары менен практикалык маанисине өзгөчө баа берилет.

3.4.7. Магистрдик диссертациянын корутундусунда

Киришүүдө көрсөтүлгөн коюлган максат менен милдеттеринин чечилүүсү изилдөөлөрдүн жыйынтыгы катары чагылдырылып, аларды колдонууга практикалык сунуштарды камтуу менен материалдын теориялык баалуулугун көрсөтүүсү зарыл.

3.4.8. Колдонулган адабияттардын тизмесинде автордун магистрдик диссертацияны жазууда пайдаланган бардык маалымат булактары, укуктук жана нормативдик документтер көрсөтүлөт.

3.4.9. Тиркемелерде диссертациянын текстине кошумча материалдары кийирилет. Тиркемеде изилденүүдө пайдаланылган материалдардын кеңейтилген баяндоосу, изилдөө жүргүзүүдө колдонулган айрым маалыматтар чоң форматтагы таблицалар, графикалык материалдар жана башкалар. Магистрдик иштин бардык тиркемелерине текстин тиешелүү бөлүгүндө шилтеме берилүүсү абзел.

3.4.10. Изилдөөнүн багытына ылайык (УДК) көрсөтүлүшү керек.

3.5.Тариздөөнүн талаптары

3.5.1. Магистрдик диссертация компьютерде А4 форматындагы баракты бир бетине, Times New Roman 14 шрифт көлөмдө, саптардын ортосундагы аралыгы бир жарым, абзацтын чеги текстте бирдей 12,5 мм болушу шарт.

3.5.2. Магистердик диссертация бараста: сол жагынан - 30 мм, үстүнөн жана астынан – 20 мм, оң жагынан – 10 мм аралыкта даярдалат.

3.5.3. Структуралык элементтеринин аталыштары текстте симметриялуу жазылып, тексттен бир сап менен бөлүнөт, аталыштын алды сызылбайт.

3.5.4. Магистрдик диссертациянын тексти бир нече бөлүмдөргө бөлүнөт. Тексттин бөлүмдөрү зарылдыкка жараша бөлүмчөлөргө, бөлүмчөлөр пункттарга бөлүнөт.

3.5.5.Бөлүмдөр жана бөлүмчөлөрдүн аталыштары болот. Бөлүмдөр жана бөлүмчөлөрдүн аталыштары бөлүмдөр жана бөлүмчөлөрдүн, пункттардын мазмунун так, кыска туюндуруусу зарыл.

3.5.6. Бөлүмдөр, бөлүмчөлөр, пункттар же пунктчалар цифра менен берилет, номер аталыштан мурда коюлат (бөлүмдөр, бөлүмчөлөр, пункттар: 1.1. I бап, 1.1., 1.2. бөлүмдөр ж.б.

3.5.7. Тексттик документтердин беттери биринин артынан бири араб цифрасы менен иреттүү белгиленет.

3.5.8. Титулдук барак документтин жалпы номерленүүсүнө кирбейт, бирок ага номер коюлбайт.

3.5.9. Башка баракта жайгашкан сүрөттөр, иллюстрациялар жана таблицалар диссертациянын жалпы беттеринин иреттүү номерленүүсүнө кошулат.

3.6. ИЛЛЮСТРАЦИЯ

3.6.1. Иллюстрациялар (сүрөттөр, карталар, графикалар, схемалар, диаграммалар, фотосүрөттөр) магистрдик диссертацияда түздөн-түз биринчи пайдаланылган жеринде текстен кийин берилет, же көлөмдүү болсо кийинки бетке жайгаштырылат. Эгерде өтө чоң көлөмдүү болсо тиркеме түрүндө берилип, мазмунунда тиркеменин номерине шилтемелер көрсөтүлөт. Иллюстрациялар компьютерде даярдалып түстүү болушу да мүмкүн. Ошондой эле иллюстрацияларга диссертациялык иштин текстинде шилтеме берилүүсү шарт.

3.6.2. Иллюстрациялар “1-сүрөт” деген белги менен берилет. Эгер сүрөт бирөө болсо, “сүрөт” деп гана берилет. “1-сүрөт” андан соң анын аталышы ортодон саптын башынан абзац калтырылбай жазылат. Иллюстрациялардын номерлери араб цифрасы менен коюлат. Текстте иллюстрацияга шилтеме берүүдө “2-сүрөткө таянып же 2-сүрөттө көрсөтүлгөндөй” деп жазуу керек.

3.7. ТАБЛИЦАЛАР

3.7.1. Сандык материалдар эрежеге ылайык таблица түрүндө жасалгаланат. Таблицанын түзүлүшүнүн үлгүсү тиркемеде 1-сүрөттө келтирилген.

3.7.2. Таблицаны бир беттен 2-бетке которууда таблицага башынан дагы бир номерди көрсөткөн графа кошуу зарыл. Которулган таблицанын графалардын

аталыштары ташылбайт, бирок тиешелүү номерлери көрсөтүлөт. Ал эми таблицанын үстүндө “2-таблицанын уландысы” деп коюу керек.

3.7.3. Диссертацияда таблицаларга шилтеме берилиши керек. Шилтеме берилип жатканда таблицанын номери гана көрсөтүлөт.

3.7.4. Графанын аталышы жана таблицалардын саптары баш тамгалар менен башталып жекелик түрдө, ал эми бөлүмчөлөрдүн подтемалары эгер алар графанын аталышы менен бирдей сүйлөмдү түзүшсө кичине тамга менен же өзүнчө мааниге ээ болушса баш тамга менен коюлат. Теманын жана подтеманын аягына чекит коюлбайт.

3.8. Пайдаланылган адабияттардын шилтемелери

3.8.1. Адабий булактар дисссертациянын текстинде пайдаланылган ордунда эле орун алып абзац коюлбай араб цифрасы менен номерленет.

3.8.2. Пайдаланылган булактардын шилтемесин чарчы кашаада [1] белгиленет. Бир эле адабиятка кайра-кайра шилтеме берилсе, анда ошол адабияттын жана беттердин номери жазылат ([5,7-б.]).

3.8.3. Пайдаланылган булактар КРнын ЖАКтын кандидаттык (доктордук) диссертацияларда пайдаланылган адабияттарга шилтемелерине койгон талаптарга таянып жазылат.

3.9. ТИРКЕМЕЛЕР

3.9.1. Тиркемелер магистрдик диссертациянын уландысы катары кийинки беттерине кошулат.

3.9.2. Диссертациянын текстинде бардык тиркемелерге колдонулган орундарына жараша шилтеме берилип, алар текстте жайгашуу катарына жараша ырааттуу номерленет.

3.9.3. Ар бир берилген маалыматтар “Тиркеме” деген сөз менен беттин оң тарабынын өйдө жагына номери араб цифрасы менен белгиленип 1-тиркеме деп жайгаштырылат.

3.9.4. Ар бир тиркеменин темасы, текстке карата симметриялуу түрдө өзүнчө саптан жазылат.

4. ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИ АТКАРУУНУ УЮШТУРУУ ЭТАПТАРЫ

4.1. Диссертациялык иштин аткарылуусу төмөнкү этаптардан турат:

- Изилдөө багытын тандоо жана тапшырмаларды түзүү;
- Тандалган багытта адабияттарды анализдөө;
- Теориялык жана практика жүзүндөгү изилдөөлөр;
- Изилдөөнүн жыйынтыгын баалоо, анализдөө жана диссертациялык ишти жазуу, жасалгалоо, “Антиплагиат” программасынан текшерүү (оригиналдуулугу 65%тен кем эмес);
- Коргоого даярдоо: диссертацияны алдын ала коргоо, рецензентке тапшыруу;
- Диссертацияны коргоо.

4.2. Магистр даражасын коргоо боюнча тандап алган илимий теманы аткаруу үчүн дайыма (айына бир жолудан кем эмес) жетекчиси менен жолугуп берилген тапшырма боюнча аткарган иштери тууралуу системалуу илимий жетекчисине жана кафедранын жыйынында маалымат берүү, жаңы тапшырмаларды алуу менен тынымсыз иш жүргүзүүсү зарыл.

5. МАКта ДИССЕРТАЦИЯНЫ КОРГООНУН ТАРТИБИ

5.1. Магистрдик диссертацияны жазууга жана даярдоого мамлекеттик билим берүү стандартында магистратуранын тиешелүү багытына ылайык, жуманын саны дайындалат. Ошого ылайык түзүлгөн окуу жана жумушчу пландарында бекитилген убакытта магистрант иштин деңгээлин, сапатын жана аткарылышын көзөмөлдөгөн илимий жетекчиси менен биргеликте жана өз алдынча илимий ишин аткарат.

5.2. Магистрдик диссертациянын аткарылышы алдын-ала бекитилген календардык планга ылайык жүргүзүлөт.

5.3. Изилдөөнүн натыйжасында жазылып бүткөн магистрдик диссертацияга магистранттын колу коюлуп, “Антиплагиат” текшерүүдөн өткөн маалыматты менен биргеликте, коргоодон бир ай мурда илимий жетекчисине берилет. Магистрдик диссертацияны жетекчи окуп, жактыргандан кийин кол коюп, жазма түрүндө өз пикири, баасы менен бүтүрүүчү кафедрага 3 жума башта

сунушталат.

5.4. Илимий жетекчи пикиринде диссертациянын бардык бөлүмдөрү боюнча жетишкендиктерин, алынган натыйжалардын, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасын, тууралыгын жана жаңылыгын, илимий-практикалык маанилүүлүгүн, магистранттын жеке салымын эске алуу менен баалайт. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын пайдалануу жөнүндө сунуштары белгиленет. Корутундусунда магистрдик диссертацияны коргоого киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап, диссертациянын ушул Жободо белгиленген критерийлерге ылайык келе тургандыгын белгилеп, магистрантка баа берет.

5.5. Бүтүрүүгө жооптуу кафедралар “Антиплагиат” текшерүүдөн өткөн магистрдик диссертацияларды магистранттардын доклад жасоосуна шарт түзүү менен алдын-ала коргоону уюштурат жана өткөрөт.

5.6. Бүтүрүүчү кафедранын отурумунда, магистратуранын башчысынын, илимий жетекчисинин катышуусунда өткөрүлгөн сунушталган диссертацияны алдын-ала коргоонун жыйынтыгынын негизинде магистранттын диссертациясын коргоого уруксат берилет. Кафедра башчысы ал жөнүндө магистрдик диссертациянын титулдук баракчасында белги коёт.

5.7. Магистрдик диссертацияны коргоого сунушталбагандыгынын негизин төмөнкүлөр түзөт:

- Темасы боюнча илимий жана илимий усулдук изилдөөлөрдүн жок болушу;
- Жетекчисине магистрдик диссертациясынын материалдарын пикир алуу үчүн өз убагында тапшырбаса;
- Аткарылган жумуш илимий жетекчинин тапшырмаларына дал келбесе;
- “Антиплагиат” программасынан текшерүүдөн өткөрүлбөсө жана оригиналдуулугу 65%тен төмөн болсо.

5.8. Кафедра магистратура бөлүмүнө магистранттардын магистрдик диссертациясын коргоого уруксат берүү жөнүндө билдирүү берип, анын негизинде окуу жайдын буйругу чыгарылат.

5.9. Үч жума мурда бүтүрүүчү кафедраларда жогорку квалификациялуу адистерден “Антиплагиат” программасынан текшерүүдөн өткөрүлгөн

магистрдик диссертацияларга рецензенттер дайындалат. Рецензент магистранттын магистрдик ишин даярдоосунда катышпаган болуусу шарт.

5.10. Рецензент магистрдик диссертациянын актуалдуулугун, илимий деңгээлин, аткарылышынын сапатын анализдеп, ага туура баасын бериши зарыл. Рецензияда изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан алынган эң орчундуу илимий жыйынтыктары, жаңылыгы, алардын теория жана практика үчүн маанiси, магистранттын диссертациялык изилдөөсүнүн тыянагынын илимий тактыгы жана негиздемелерине жана иштин кемчиликтерине анализ берилет. Рецензенттин колу иштеген мекемесинин мөөрү менен тастыкталат.

5.11. Магистрдик диссертацияга берилген рецезенттин терс пикири менен да коргоого кирүүгө мүмкүн. Мындай диссертацияны коргоодо рецензенттин катышуусунда гана уруксат берилет.

5.12. Коргоодон бир жума мурун кафедрага бүтүрүүчү кафедранын чечими менен бекитилген, “Антиплагиат” программасынан текшерүүдөн өткөрүлгөн, жетекчинин пикири (отзыв), рецензенттин сын-пикири (рецензия) жана толук бүткөн магистрдик диссертация тапшырылат.

5.13. Магистрдик диссертацияны коргоо окуу процессинин графигине ылайык уюштурулат. Магистранттарды коргоо күндөрүнө бөлүштүрүү бир жума мурун белгиленүүсү зарыл. МАКтын иштөө күндөрүнө карап, магистранттар тайпаларга, жетекчисинин мүмкүнчүлүгүнө жана каалоосуна жараша бөлүнөт.

5.14. Диссертацияны коргоого бир магистрантка 10-15 мүнөткө чейинки убакыт берилет. МАКтын 6 сааттык иш күнүн эске алып бир күнгө 12 адамдан ашык киргизүүгө мүмкүн эмес.

5.15. Магистратурада окуунун IV семестринин башталышында тиешелүү багыттарда магистранттарды мамлекеттик аттестациядан өткөрүү жана магистрдик диссертацияны коргоону уюштуруу үчүн окуу жайдын ректорунун буйругу менен мамлекеттик аттестациялык комиссиянын курамы каралат. Тиешелүү багыттар боюнча МАКтын төрагасынын (төрайымынын)

кандидатурасы жана курамы окуу жайдын жетекчилиги тарабынан бекитилет.

5.16. МАКтын негизги милдети диссертациянын мазмунун экспертизалоо жана диссертанттын магистрдик ишинин негизги жоболорун коргой билүүсүн, теориялык билимин, аны практикада пайдалана билүү жөндөмдүлүктөрүн, магистранттардын илимий билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн (компетенцияларын) менен тактоо, туура кесипкөйлүүлүк менен объективдүү баалоо.

5.17. Магистрдик диссертация МАКтын 3/2 ден кем эмес курамынын катышуусунда ачык отурумда корголот.

5.18. Магистрдик диссертациянын ачык, эл алдында корголушу, илимий дискуссия мүнөзүндө жана жогорку талап коюучулуктун, приципттүүлүктүн жана илимий этиканы сактоонун шартында өтүшү керек, ошол эле учурда диссертацияда берилген бардык жыйынтыктардын, илимий жана практикалык мүнөздөгү сунуштардын чындыгы жана негиздүүлүгү кенен талкууланышы шарт. Бардык каалоочулар коргоого, талкууга катыша алат.

5.19. МАКтын мүчөлөрүнө автореферattар таркатылып берилет жана магистрдик диссертация менен алдын ала таанышууга укуктуу.

6. КОРГООНУН ПРОЦЕДУРАЛАРЫ:

6.1. МАКтын төрөгасы диссертациянын илимий жетекчисин жана рецензентти атап, темасын окуп, сөздү магистрантка берет.

6.2. Магистрантка ишинин кыскача негизги мазмунуна токтолууга 7-10 мүнөт берилет. Ошондуктан баяндама кыска, иштин негизги жыйынтыктары катары менен билдирилип, диссертацияны даярдоодогу негизги изилдөө усулдарын, алынган натыйжа иллюстративдик материалдардын жардамы менен коштолуусу шарт.

6.3. Магистранттын баяндамасы бүткөн соң МАКтын төрагасынын көзөмөлү жана түз уруксаты менен МАКтын мүчөлөрүнүн жана башка катышуучулардын магистрдик иш боюнча суроолоруна жооп берилет.

6.4. Андан соң илимий жетекчисине магистрдик диссертация тууралуу өз пикирин айтууга сөз берилет. Эгер белгилүү себептер менен жетекчи коргоого келбей калса, анда анын пикирин МАКтын башчысы же анын көрсөтмөсү менен башка бир мүчөсү окуй алат.

6.5. Сөз рецензентке берилет (же ал келбей калса МАКтын башчысы же анын көрсөтмөсү менен МАКтын бир мүчөсү рецензиянын текстин окуй алат).

6.6. МАКтын башчысы магистрантка рецензент белгилеген эскертүүлөрүнө жооп берүүгө уруксат берет.

6.7. Бардык каалоочулар талкууланып жаткан диссертациялык иш боюнча өз ойлорун, пикирлерин айта алышат.

6.8. Ар бир магистрантка МАКтын отурумунун өзүнчө протоколу түзүлүп, белгиленген тартипте катчы толтурат.

6.9. Тиешелүү күнгө пландаштырылган магистрдик иштер угулуп бүткөн соң МАКтын мүчөлөрү коргоону талкуулашып, ар бир ишти объективдүү баалашат. Коргоодогу жыйынтыктын чечимин МАКтын мүчөлөрү жабык отурумда көп добуш берилишине карап кабыл алышат**.**

6.10. Магистрдик диссертацияны коргоону баалоодо төмөнкү критерийлерге таянат:

- теманын актуалдуулугу жана илимий жаңылыгы;
- магистрдик диссертацияда коюлган максатка канчалык жете алды, негизги милдеттеринин аткарылышы;
- изилдөө усулдарынын деңгээлдери жана тандаган темага шайкештиги;
- иштин теориялык жана практикалык мааниси;
- алынган жыйынтыктардын негиздемеси, эксперименталдык иштерди жүргүзүү жана статистикалык усулдарды колдонуусу;
- иштин түзүлүшү, материалды баяндоодогу ой жүгүртүүсү;
- илимий негизде жана мазмундун толук чагылдырылышы;
- адабий булактарды колдонуу, айрыкча акыркы беш жылдагы жетишкендиктерге анализ, башка авторлордун иштерине шилтемелери, цитаталардын дааналыгы;

- изилдөөнүн жыйынтыгын жалпылаштыруунун негиздүүлүгү, иштин тыянагынын жалпы мазмунуна болгон шайкештиги;

- магистрдик диссертациянын оригиналдуулугу (“антиплагиаттык” программанынын текшерүү жыйынтыгы), жазылуу, жасалгалоо сапаты (стили, тили, сабаттуулугу, тазалыгы);

- докладдын сапаты (проблеманы негиздөө, алынган жыйынтыкты билдирүүнүн тактыгы. Корутундунун мазмунга шайкештиги, алынган жыйынтыктын жана коюлган проблемага дал келүү деңгээли, илимий дискуссияларга катыша билүүсү, эл алдына чыгып сүйлөөдөгү илимий тили, маданияты);

- Баяндаманы коштоочу иллюстративдик материалдын сапаты;

- диссертациянын келечектеги кесипкөй ишмердүүлүк чөйрөсүнө дал келүүсү (практикага сунушталуу жана киргизилүү акты ж.б.)

6.10.1. Магистрдик диссертацияны баалоодо мамлекеттик аттестация комиссиясынын мүчөлөрү:

- магистранттын ишти аткаруудагы, уюштуруудагы өз алдынчалуулугунун деңгээлин: катышкан конференция, семинарлардын тезистеринин, иштин натыйжасы боюнча жарык көргөн автордун макалаларынын санын жана рецензенттин, илимий жетекчисинин пикирлерин эске алуусу керек.

6.11. Магистрдик диссертацияны коргоодогу жыйынтык “эң жакшы”, “жакшы”, “канааттандырарлык” жана “канааттандырарлык эмес” деп аныкталат. Баалар МАКтын кенешмесинин протоколуна МАКтын бардык катышкан мүчөлөрүнүн катышуусу жана макулдашуусу менен киргизилип, зачеттук китепчеге коюлуп, кол тамгалары менен бекитилет.

6.12. Магистрдик диссертацияны коргоонун жыйынтыгы тапшырган күнү эле МАКтын отурумунун протоколунун негизинде жарыяланат.

6.13. МАКтын мүчөлөрү магистрдик диссертациянын материалдарын басылмага берүүнү, материалдарды, жыйынтыктарды практикалык колдонууга сунуштоого жана магистрантты тиешелүү багытында аспирантурага тапшырууга мүмкүнчүлүк берүүгө да укуктуу.

6.14. Корголгон магистрдик диссертациялар аткарылган кафедрада 5 жылдан кем эмес сакталат. Ал магистрдик иштер кийинки бүтүрүүчүлөргө колдонууга таанышууга, анализдөөгө берилет.

6.15. Ийгиликтүү корголгон диссертация жана жалпы кесиптик дисциплиналар боюнча түзүлгөн мамлекеттик аттестациядан алган оң натыйжадан Мамлекеттик аттестациялык комиссия чечим чыгарып бүтүрүүчүгө тиешелүү багытта магистр квалификациясы (академиялык даражасы) ыйгарылып, мамлекеттик үлгүдөгү магистрдик диплом (тиркемеси менен) берилет.

6.16. Эгерде магистрант магистрдик диссертациясын коргоодо “канааттандырарлык эмес” деген баа алса, анда ага 5 жыл аралыгында кайра коргоого уруксат берилет, бирок бир жылдан эрте эмес мөөнөттө жана бир гана жолу. Магистранттын иштелип, толукталган диссертациясын кайра коргоого мүмкүнчүлүгүн же жаңы темада диссертация даярдашын кафедра аныктайт

7. МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБОГО ӨЗГӨРТҮҮЛӨР ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУН КИРГИЗИЛИШИ

7.1. Зарылчылыкка жараша (Мамлекеттик билим берүү стандартына жана окуу планына киригизилген өзгөртүүлөргө ылайык) бул жобого да өзгөртүүлөр жана толуктоолордун киргизилиши мүмкүн.

7.2. Кийирилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор ушул жобого жараша кошулуп бекитилет жана ишке ашырылат.

7.3. Өзгөртүүлөр өзүнчө бараkта кошулуп регистрацияланган номери көрсөтүлөт.

8. Тиркемелер

№1 тиркеме

Магистрантка тандоо үчүн берилүүчү теманын үлгүсү

Илимий иштин темасы_____

Теманын актуалдуулугу: Изилденип жаткан теманын актуалдуулунун себептери, бүгүнкү күндө ушул теманы изилдөөнүн орду.

Изилдөөнүн максаты:

Изилдөөнүн милдеттери: коюлган максаттарга ылайык төмөнкүдөй милдеттер коюлду:
1.
2.
Изилдөө объектиси:
Изилдөө методдору:

Магистранттын Ф.А.А._____

Магистрдик изилдөөнүн болжолдуу иш планы

№	Пландалган иштердин аталыштары	Аткаруу мөөнөтү	Изилдөө усулдары	Отчеттун түрү
1.	Тема боюнча акыркы 5 жыл ичиндеги адабий маалыматтарды топтоо, анализ жүргүзүү	Октябрь, январь	Тандалган темага тиешелүүсүн тандоо	реферат
2.	Эксперименттин схемасын түзүү, объекти тандоо жана ИИИ пландоо, изилдөөлөрдүү жүргүзүү	Февраль, май		
3.	Эксперименттин натыйжасын талкуулоо, ага жараша ИИИ кийинки этабын белгилөө, изилдөөнүнү жыйынтыгын экстраполяциялоо	Май, июнь	Салыштырма-луу анализ, индукция, дедукция, тарыхый - логикалык усулдарды колдонуу	Баяндама тезисы
4	Тема боюнча акыркы 5 жыл ичиндеги адабий маалыматтарды топтоо, анализ жүргүзүү (2-курс үчүн)	Сентябрь, октябрь	Тандалган темага тиешелүү материалдар-ды топтоо, тандоо	реферат
5	Кийинки этаптагы эксперименттин схемасын түзүү, ИИИ пландоо, изилдөөлөрдү жүргүзүү	ноябрь-март	Материалды топтоо, объекти бөлүп алуу	
6.	Эксперименттин жыйынтыгы:		таблицалар, схемалар, сүрөттөр	Эксперименттин жыйынтыгын талкулоо, статистистика лык

				эсеп жүргүзүү.
7.	Магистрдик диссертацияны окуу жайдын “Антиплагиат” программасы аркылуу текшерүүдөн өткөрүү, материалды алдын ала коргоого даярдоо	Март-апрель	салыштырма талдоо, индукция, дедукция, логикалык ой жүгүртүү.	«Антиплагиат» тексттин өзгөчөлүктүүлүгү 70%тен кем эмес макалаларын илимий басылмаларда жарыялоо
8.	Сын пикирлерди эске алуу менен магистрдик диссертацияны толуктоо, оңдоо.			
	Диссертацияны коргоо.	Май-июнь	“Антиплагиат” программасынын справкасы, илимий жетекчинин жана рецензенттин сын пикири, сунуштамалары	Магистрдик диссертация

Илимий жетекчи _____ Ф.И.О. “__”_____-202_-ж

2-Тиркеме

ОшМПУнун ректору,
_____

Социалдык-экономикалык билим берүү багытынын 2-курсунун магистранты
_____

Арыз

Төмөндөгү_____
_____тема боюнча магистрдик диссертацияны аткарууга уруксат берүүңүздү суранам.

Магистранттын (Ф.А.А.)_____колу

Илимий жетекчисинин (Ф.А.А.) макулдугу_____колу

3-Тиркеме

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МАГИСТРАТУРА БӨЛҮМҮ

_____КАФЕДРАСЫ

“БЕКИТЕМИН”
Кафедра башчысы

_____ _____
(колу) (аты-жөнү)
« ___ » _____ 202__ж.

МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯНЫ АТКАРУУ ҮЧҮН БЕРИЛГЕН ТАПШЫРМАЛАР

Магистрант_____

Тайпасы _____

Адистиктин багыты_____
_____
(шифр) (аталышы)

Магистрдик диссертациянын темасы_____
_____

Ош мамлекттик педагогикалык университетинин Окумуштуулар кеңешинин “_____”_____№ _____ буйругу менен бекитилген.

Магистрдик диссертациянын жетекчиси__
(Ф.А.А. иштеген орду жана кызматы)

4-Тиркеме

Магистрдик диссертацияны аткаруу үчүн пландаштырылган илимий изилдөө иштеринин түрлөрү

№	Негизги аткарылуучу илимий иштердин мазмунун	Аткаруу мөөнөтү	Отчеттун формасы	Аткарылгандыгы тураалуу белги

Илимий жетекчин_____ « ___ » _____ 202__ж.

Магистрдик диссертациянын жетекчиси _____ Ф.А.А.
колу

Тапшырмаларды аткарууга алдым _____Ф.А.А.
колу

5-Тиркеме

Магистрдик диссертациянын илимий жетекчиси _____
(Ф.А.А. илимий даражасы, наамы)

Сунуштамасы (отзыв)

Илимий теманын багыты боюнча адабий маалыматтар менен иштөө_____
_____

Теманы тактоо, илимий изилдөөнүн усулдарын тандоо_____
_____

Илимий изилдөө иштерин жүргүзүү_____
_____
_____

ИИИнин натыйжасын талкуулоо, макала жазуу, конференцияларга катышуу
_____
_____

Изилдөөнүн кийинки келечектеги пландарын анализдөө, тактоо
_____
_____
_____

ИИИнин жыйынтыгы боюнча публикацияларды даярдоо, илимий басылмаларда жарыялоо_____
_____
_____

Диссертацияны жазуу, коргоого сунуштоо_____
_____
_____

Магистрант_____(Ф.А.А.)
Темадагы_____
_____
_____магистрдик диссертациясы туралуу

1.Тандалган теманын акуталдуулугу_____
_____
2.Изилдөө планын сапаты, оригиналдуулугу_____
_____
_____
3. Автордун ишти аткаруудагы өз алдынчалуулугу_____
_____
4. Теманын ачылышы, сапаты, тереңдиги _____
_____
_____
_____
5.Изилдөө жүргүзүүдөгү жоопкерчилиги (чыгармачылыгы, инициативдүүлүгү, өз алдынчалуулугу ж.б.)_____
_____
_____
_____
6. Коргоого сунушталган жумуш_____
_____
(Ф.А.А.)

КРнын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен стандарттын жана ушул жобонун талабына жооп берет._____

Илимий жетекчи: _____ (Ф.А.А.)
(колу)

«_____» _____ 20____-ж.

6-Тиркеме.

Титулдук баракчанын үлгүсү:

Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги
Ош мамлекеттик педагогикалык университети

Магистратура бөлүмү

УДК _____

Кол жазма укугунда_____

Ф.А.А._____

ТЕМА:_____
_____
_____

Магистрдик диссертация _____ багытындагы _____ “_____” магистри академиялык даражасын алуу үчүн жазылды

Ош, 2022

7-Тиркеме

Титулдук баракчанын кийинки бетинин үлгүсү:

Магистрдик иш Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин _____кафедрасында аткарылды.

МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ

ТЕМАСЫ:_____
_____ “_____” багыты

Магистрант _____ _____Аты-жөнү
(колу)

Илимий жетекчи _____ илимий даражасы, наамы
_____аты-жөнү _____
(колу)

Кафедра башчысы _____ _____
(колу) Аты-жөнү

Ош, 2022

8-тиркеме

Мазмун жазылган баракты үлгүсү:

Мазмуну

Киришүү_____
Негизги бөлүктө баптарга бөлүнөт_____
Колдонулган адабияттардын тизмеси_____
Тиркемелер_____

9-тиркеме

Колдонулган адабий булактардын тизмесин берүүнүн үлгүсү:

Пайдаланылган адабияттардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын Президиумунун 2018-жылдын 28-июндагы № 112 токтому менен бекитилген “Диссертатцияны жана автореферatты даярдоо боюнча нускамага” (КР Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын Президиумунун 2018-жылдын 27-декабрындагы № 191 токтому менен өзгөртүлгөн) ылайык төмөнкү жолдордун бири менен жайгаштырылышы керек:

а) диссертациянын текстинде келтирилген тартипте;

б) биринчи автордун фамилиясы же кызматы боюнча алфавиттик тартипте;

в) хронологиялык тартипте.

Колдонулган адабияттар

I. Булактар (архивдик маалыматтар, расмий-документалдык материалдар, булактардын жыйнактары, маалыматнаамалар)

А) Архивдик маалыматтар

1. Кыргыз республикасынын Борбордук мамлекеттик арх. (ЦГА Кырг. Респ.)
2. Текущий арх. МСХ и П Кырг. Респ., 1642, РЦАЗР, д. № 39.
3. Ош областтык Мамлекеттик арх. (мындан ары ООМА) ф. 305, оп. 1, д. 1158.
4. ООМА, ф. 1359, оп. 1, д.135, 151, 224, 279, 1304.

II Статистикалык материалдар

5. Сельское хозяйство Кыргызской Республики 1996-2000 [Текст] / Нац. стат. комитет Кырг. Респ. - Бишкек: [б.и.], 2001. – С. 61.
6. Сельское хозяйство Кыргызской Республики 1997-2001 [Текст] / Нац. стат. комитет Кырг. Респ. - Бишкек: [б.и.], 2002. – С. 57.

III. Адабияттар (монографиялар, окуу китептери жана куралдары, илимий макалалар, илимий эмгектердин жыйнактары)

7. Аграрные реформы в условиях переходного периода к рынку [Текст]: Сб. науч. тр. – Бишкек: [б.и.], 1996. – Ч. 1. – С. 196.
8. Аграрная реформа в Российской Федерации: правовые проблемы и решения [Текст] /Отв. ред. З.С. Беляева, О.А. Самончик. – М.: Ин-т государства и права РАН, 1998. – С. 227.

IV Диссертациялар жана диссертациялардын автореферaттары

9. Акунов, А. Развитие системы государственного управления Кыргызстана: организационно-функциональный анализ [Текст]: дис. … д-ра ист. наук /А.Акунов. – Бишкек, 2000. – С. 237.
10. Дыйканова, Ш.А. 1917-24-жылдардагы Түркстандагы агрардык саясат (Ферганаөрөөнүнүн материалдарынын негизинде) [Текст]: тарых илим. канд. … дис. / Ш.А. Дыйканова. – Ош, 2005. – Б.170.

V. Мезгилдүү басма сөз материалдары, маалымат серептери

11. СССР. Президент (1991-Жер реформасын жүзөгө ашыруу жөнүндө СССРдин Президентинин Жарлыгы [Текст] // Советтик Кыргызстан. - 1991. – 8 янв.

VI. Интернет-сайттарынын ресурстары

12. Федерченко, А.В. Аграрная реформа в Кыргызстане. Транскаспийский проект [Электронный ресурс] /А.В.Федерченко. – Режим доступа: http://www.mgimo.ru . – Загл. с экрана.

13. Эшиева, Т.К. Айыл чарбасынын кемчиликтеринин жана жетишкендиктеринин тарыхый сабактары [Электронный ресурс] / Т.К.Эшиева. – Режим доступ: http://www.arch.kyrlibnet.kg. – Загл. с экрана.

10- тиркеме

Рецензия (пикир) берүүнүн үлгүсү:

_____

(магистранттын аты-жөнү)

“_____”

_____

деген аталыштагы_____ багытында магистр академиялык даражасын алуу үчүн жазылган магистрдик диссертациясына

расмий оппонент _____
(аты жөнү, илимий даражасы, наамы)

ПИКИРИ

1. Изилденген теманын актуалдуулугу жана жалпы илимий жана мамлекеттик программалар менен байланышы;
2. Алынган илимий жыйынтыктардын жаңылыгы, магистрдик диссертациянын талаптарына ылайык келиши;
3. Магистрант сунуштаган ар бир илимий натыйжанын (жобонун), тыянактын жана корутундунун аныкталуу даражасы жана негизделүүсү;
4. Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгаланышындагы өзгөчөлүктөр, кемчиликтер;
5. Магистрдик иштин тиешелүү талаптарга жооп бериши
6. Корутунду

Рецензент, илимий даражасы, кызмат орду _____ Аты-жөнү
(колу)

11-Тиркеме

Магистрдик диссертацияны аткарууда пландалган иштер:

Семестр _____
Саат жүктөмү_____
ИИИнин түрлөрү_____
Отчеттук документтери_____

№	Семестри	Саат жүк төмү	Илимий изилдөө иштеринин түрлөрү	Отчеттуулук
1.	1-2		Магистрдик диссертациянын темасы боюнча библиографиялык маалымат топтоо	Мамлекттик стандартка ылайык маалымат булактарын түзүү: Монографиялар, диссертациялардын автореферaттары, диссертациялар, илимий эмгектердин атайын жыйнактарындагы, илимий журналдардагы жана интернет булактарындагы макалалар, жалпы колдонулган булактардын саны 50 кем эмес
2.	1-3		Тема боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр, эмпирикалык маалыматтарды топтоо жана аларды интерпретациялоо	2.1.Изилдөөнүн планын, уюштурууну, жүрүшүн, колдонулган усулдарын, методологиясын талдоо 2.2.Алынган натыйжаларды сөз түрүндө жана иллюстративдүү материалдар, схемалар, таблицалар түрүндөө интерпретациялоо 2.3. Изилдөө багытында илимий макалаларды даярдоо 2.4.Илимий жетекчинин сунушу жана даярдалган илимий макалалар
3.	1-3		Илимий- педагогикалык багыттагы иш чараларга катышуу	3.1. Баяндаманын материалы, тезистери жана магистранттын жасаган баяндамасына берилген пикирлер, дипломдор ж.б. 3.2. Кафедранын илимий семинарларында жасаган баяндамалары, талкууга катышуусу 3.3.Кафедрада магистранттын илимий иштеринин аткарылыш абалына, жасаган баяндамасынын деңгелине берилген сын пикир.
4.	3-4		Семестрдин ичинде магистранттын илимий иштеринин, окуу планынын аткарылышына карата аттестациялоо	4.1. ИИИнин отчету 4.2.Илимий жетекчинин магистранттын ИИИнин жыйынтыгына берген баасы